Көктөм өткөн, көздөр чөккөн

Көңүлдөр жок баягы

Жазды көктөм жашын төккөн

Жамгыр да жок андагы

Сезимдерим эзилгеним

Сизге деле сезилген

Жаштыгыма, жансырыма

Жакын десем ким элең?

Эми бары арман кайгы

Болсо, болсун, болгондой

Сен да кеттиң кейибейин

Тагдыр өзү ошондой

Эстегенде, кез келгенде

Арманымдай сезилбе

Жалгыз гана жакшы ыр жана

Жамгыр калсын эсимде, эсимде

Көңүл бошоп, өмүр мокоп

Күзгө айланат каректер

Кандай десем, кайда кетсем?

Жансыз ушул даректен

Мезгили суук, мээрими жок

Мен күндөрдөн тажадым

Бакыт үчүн жакшы күндү

Канча жолу самадым

Эми бары арман кайгы

Болсо, болсун, болгондой

Сен да кеттиң кейибейин

Тагдыр өзү ошондой

Эстегенде, кез келгенде

Арманымдай сезилбе

Жалгыз гана жакшы ыр жана

Жамгыр калсын эсимде, эсимде

Жашыбайын жакшырайын

Ыйлап алсам ызаадан

Кайрылбайын кайгы баарын

Айтпай күндү узатам

Барамын деп, чаламын деп

Кайра өзүмдү сороттуң

Бирок билбейм дирилдебейм

Балким мени жоготтуң

Эми бары арман кайгы

Болсо, болсун, болгондой

Сен да кеттиң кейибейин

Тагдыр өзү ошондой

Эстегенде, кез келгенде

Арманымдай сезилбе

Жалгыз гана жакшы ыр жана

Жамгыр калсын эсимде, эсимде